*УДК:894.341-8-131*

***Темирова Бактыгул***
***Ош мамлекеттик университети***

# Ж.САДЫКОВДУН “САЯКБАЙ” ПОЭМАСЫНДАГЫ МҮНӨЗ ТҮЗҮҮ ЧЕБЕРЧИЛИГИ

# MAKING “JARYAKBAIS” CHARACTER MASTERSHIP IN THE POEM OF J. SADYKOV

***Аннотация:*** *Макалада Ж.Садыковдун “Саякбай” поэмасында манасчы С.Каралаевдин образын жаратуудагы чеберчилиги тууралуу сөз болот.*

***Аннотация:****В стать рассматриваются мастерства в создании образа манасчи С.Каралаева в поэме Ж.Садыкова “Саякбай”.*

***Abstract:*** *Poet J.Sadykov's artistic character description of the manaschi Saiakbai Karalaev.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *эпос, фольклор, манасчылык өнөр, феномен, мүнөз.*

***Ключевые слова****: эпос, фольклор, манасчи , феномен, характер.*

***Key words:*** *epos, jolklore, manaschi, phenomen, character.*

Көрүнүктүү акын, драматург Ж. Садыков “Айкөл Манас”, “Манастын уулу Семетей”, “Сейтек” драмалары аркылуу кыргыз сахнасында “Манас” үчилтигинин жандуу жашап калышын опол тоодой эмгек сиңирди. Ошондой эле акын манасчылык өнөргө да кайрылып, натыйжада Саякбай Каралаевдин адамдык, манасчылык тагдырына, мүнүшкердик өнөрүнө арнап “Саякбай” поэмасын жараткан. Албетте, таланттуу манасчы менен улуу мурасты бөлүп кароого мүмкүн эмес, анткени ал керемет көркөм дүйнөнү биздин күнгө жеткирген элдик ырдын мурасчысы, залкар жомокчу. Андан жазылып алынган “Манас” үчилтиги жеке кыргыз адабиятында гана эмес, жалпы адамзат маданияты үчүн зор мааниси бар көркөм баалуулук. Профессор Р.Кыдырбаева таамай белгилегендей: “Саякбай Каралаевдин ысымы менен ар бирибиздин эсибизге “Манас” эпосу түшөт. Саякбай менен “Манас” бүгүнкү күндө Кыргызстандын фольклордук искусствосунун көркөмдүк бийиктигинин өз алдынча өлчөмү болуп калды” [1, 45]. Мына ушундай феномен манасчы тууралуу изилдөөлөр, чыгармалар жазылды, көркөм тасмалар тартылып, айтор, дархан талант азыр экинчи өмүрүн сүрүп, жаңы доорун башынан кечирип жатат. Ушул сөзгө улай айтылчу ой казактын улуу жазуучусу М.Ауэзов даанышман элдик акын Абай Кунанбаевди дүйнө жүзүнө “Абай жолу” эпопеясы аркылуу таанытса, кезинде Саякбай тууралуу роман жазуу үчүн материал жыйнап жүрүп, максатына жетпей калганы бул орду толгус жоготуу болду.

Арийне Ж.Садыков да али дың жаткан темага кайрылып, “Саякбай” поэмасын жазганы белгилүү. Автор да манасчы менен замандаш катары жашап, чыгармачылыкта үзөңгүлөш жүрдү, улуу өнөрү менен жакындан таанышып калды. Ошондуктан поэманын жазылыш тарыхы чындык окуяларга негизделгенин акын мындайча эскерет: “1965-жылдары С.Эралиев, Б.Сарногоев, С.Жусуев, А. Токтомушев ж.б. акындар, Саякбай манасчы болуп Ысык-Көлдүн Сары-Камышынан баштап көлдү айланып, нараагы Тянь-Шань, Ат-Башыга чейин он беш күндөй жүрүп калдык, көлдүн тегерегиндеги айылдардын биринде элек. Элге акындар ыр окудук, адаттагыдай аяктантып Сакеме кезек берилди. Саякбай күпүлдөтүп “Манасын” айтып жатты, аңгыча нөшөрлөгөн жамгыр жаап жиберди. Манасчы жомогун токтоткон жок, былк этпей бардыгы “Манасты” жамгыр алдында угуп жатышты. Келгендин баары бүт бойдон манасчыга жан дили менен берилип калган эле” [2,156]. Ушул окуяга үндөш Ч.Айтматов да С.Каралаев тууралуу эскермесин жазган. Мындай эки доордун жүгүн аркалаган классиктердин болгондо да эки түрдүү көркөм дүйнөнүн бир чекитинен кездешүүсү, чындыгында, сейрек кездешүүчү тарыхый окуя, символикалык терең мааниге ээ.

Ошентип, калемгердин “Саякбай” поэмасы чакан төрт бөлүмдөн туруп, башкы каарман Саякбайдын өмүр-тагдырына, кулк-мүнөзүнө, манасчылык талантына жана мүнүшкердик өнөрүнө арналган окуялар тутуму логикалык жактан байланышып, өзүнчө бир көркөм дүйнө жаралган. Автор манасчы менен аралашып жүргөн күндөрдүн изин суутпастан С.Каралаев жөнүндөгү ойлорун, айтуучулук кереметин, таң каларлык эс-тутумун, адамзат маданиятындагы ордун чагылдыра алган. Чыгармада манасчынынын татаал тагдыры, 1916- жылдагы улуттук трагедиянын капшабы, советтик армияга кызмат өтөгөн коогалуу жылдар, айтор, турмуштун далай сыноосунан өткөн узак жол баскан кудум Манас духтуу адамдын образы акын тарабынан психологиялык жактан терең, ары жандуу сүрөттөлөт. Жалил Садыковдун чеберчилиги чейрек кылым мурда өткөн мезгилдин караанын жылдырып келип, талант таптаган уюткулуу калкыбыздын улуу мураска болгон аяр, зор сүймөнчүктүү мамилесин, турпаты кудум сөздөн жаралган манасчынын касиеттүү элесин көз алдыга жандуу тартып бере алгандыгында. “Манас” жөнүндөгү улуу сөздү көөнөртпөй, мурунку муундардан мурастап алган адамдын сейрек кездешүүчү акылына, “ашкан интеллектисине”, өзгөчө талантына сыймыктанган акын толкундануу менен оюн өрүп ырга салат.

Акын эскергендей кайсы жерге барышса да манасчыга болгон элдин зор урмат-сыйы анын кара нөшөрдөй сабалата төгүп, өзүнө чейинкилердин кемтигин толтуруп, мыктысын ашырып, “балкытып бүткөн бойду коргошундай, баарысын жыйынтыктап таштаган” залкар өнөр ээсинин “Манас” айтканына күбө болобуз:“Айтылды алп Манастын өлгөн чагы, Айтылды атпай журттун көмгөн чагы, Айтылды алты арамдын качып-бозуп, Каныкей кандай күндү көргөн чагы [2,137].

Поэмада автордун С. Каралаевдин эпостогу эң трагедиялуу окуяны камтыган “Чоң казатты” жана “Семетейдеги” “Каныкейдин Тайторуну чапканын” кемелине келтирип айтканын реалдуу окуялардын негизинде дил төшөп жазганын белгилөөгө болот. Окумуштуу Р.Сарыпбеков: “Каныкейдин Тайторунун чабышы” С.Каралаевдин эң сүйгөн эпизоддорунун бири, аны ал эл астында өтө берилүү, чыгармачылык зор эргүү менен такай аткарып келген. Бул баян “Каныкейдин жомогу” деп аталып С.Каралаевдин вариантындагы эң жеткилең иштелген бөлүмдөрдүн бири” [3,404],-дейт. Эпостогу ушул трагедияны Саякбай айтып жатканда, угуучулардын назарын бүт бойдон окуяга оодарып, мазмунга жараша өзү кошо таасирленип, эпикалык каармандар менен тагдырлаш коюн-колтук алышып, бүтүндөй адамдын акыл-эсин, көңүл маанайын бийлеп алган күчү жалаң эле эпостун көркөмдүүлүгүндө, өчпөс идеясында гана эмес, анын оргуган эпик ырчылыгына, аткаруу чеберчилигине, көрөсөн психолог экендигине байланыштуу көрүнөт. Калемгер поэмасында жандуу турмуштук кыймыл-аракеттер, психологиялык деталдар, чебер колдонгон сөз каражаттары аркылуу чоң манасчынын чыгармачылык тагдырын батырган. Саякбайдын экилтиктеги драмага толгон “Каныкейдин Тайторуну чапкан” окуясын өнөрдүн бийиктигине чыгып айтканын замандаштары эскерет. Бул өзгөчөлүк өзүнөн жазылып алынган эпостун текстинен, документалдуу тасмада эпосту кемелине келтире айтып жатканынан да таасын көрүнөт.

Эпосто Каныкей баласы Семетейдин келечегине төлгө тартып, Тайторуну чаптырат. Бул тим эле күлүктүн чабылышы эмес, эң ириде кыргыздын келечеги, түбөлүккө эңсеген өлбөс- өчпөс идеясы, үмүт- тилеги. Саякбай дал ушул трагедия менен пихологиялык чыңалууга толгон өзөктүү окуяны айтканда угуп олтурган эл каттуу таасирленип, бирде буркурап ыйласа, бирде кубанып, жандуу кабыл алганын акын элесттүү тартып берген. Угуучуларды магниттей өзүнө тартып, психологиялык өзгөчө абалга алып келиши, ириде алп манасчынын чыгармачылык аурасынын кандайдыр бир рухий күчкө ээ экендигин айгинелейт. Манасчы каармандын кыймыл-аракетин, кулк-мүнөзүн, ички психологиялык сезимин табият көрүнүштөрүнө жууруп, өткүр сөздүү ырлар менен сүрөттөөнүн өзү аны көркөм сөздүн улуу устаты даражасына көтөрөт. Ал окуянын мазмунуна жараша кыймыл-аракети менен ар түрдүү жаңсоолору, үнүнүн музыкалык ыргактуулугу, симфониялык оркестр сыяктуу миң кубултуп, угуучуларды

өзүнө багындыра алган. Демек, манасчы көп кырдуу өнөр ээси: төкмө акын, артист, композитор, режиссер, ушулардын баары Саякбайдын улуу талантына таандык. Калемгердин изденүүсү Саякбай карыянын өнөрүнүн дагы бири кыры бүркүт таптаган мүнүшкердигин чагылдырып бергендигинде. Поэмада үч айдан бери көрбөгөн бүркүтү ээсин таанып, башын жөлөгөнү, ал болсо кадимкидей кара чечекей баласын сагынгандай буркурап ыйлаганы психологиялык жактан терең сүрөттөлөт. Анткени С.Каралаев өмүрүнүн соңуна чейин көл кылаасында бүркүт багып, калаанын чөйрөсүнөн бук болгон черин улуу тоолордун койнунда кыраанына "Манасын" айтып жазылчу экен. Манасчылардын көбү кыргыздын кылдат өнөрү болгон саяпкерликти, мүнүшкерликти мыкты өздөштүргөндөй ал да жан-жаныбардын, түркүн куштардын тилин билген, табигат менен жуурулушуп жашаган дили таза, бүркүтчө тагдыр, мүнөз күткөн адам катары эпосто баатырдын Акшумкарын укмуштуудай сүрөттөп эргип айткан. Окумуштуу А.Салиев: "Манастан" кийин Сакени өзгөчө толкуткан, өзгөчө бийлеген ошол бүркүт керемет жаныбар болгон. Бүркүттөрдүн түрлөрү, жашаган жайлары, кулк- мүнөздөрү (баатырлыгы, эркелиги, туруктуулугу, мырзалыгы ж.б.) жөнүндө сүйлөгөндө тээ байыртан бери келаткан бүркүтчүлүк өнөрдүн насилин сезип тураар элек" [3, 5], -дейт.

Акын поэмасынын соңку бөлүмүндө атактуу манасчынын өмүрү өр таяп калган кезин, улуу муун менен кичүү муундун байланышын, манасчылык өнөрдүн келечеги жөнүндө терең сөзү окурманды ойлонтпой койбойт. Бүтүндөй бир улуттун тарыхы болгон "дүйнө жүзүндө бир гана Адам Саякбай" керемет өлбөс өнөрдүн ээси. Ал кудум "Манастай" ооматтуу да, татаал да тагдыр күтүп, бүт өмүрүн улуу мураска арнады. Залкар инсандын "Манас" үчилтигинен башка дагы көкүрөгүндө канчалаган элдик кенчтеринин чети оюлбай кеткени өкүндүрбөй койбойт. Совет доорунда мезгилдин оош-кыйыш кырдаалына карабастан кыргыздын улуу руху "Манаска" эч качан калп айта албаган, чейрек кылым ыйык өнөрдү аркалап, кесипке айландырып, эл үчүн ак кызмат өтөдү. Ч.Айтматов айткандай: "Бүт өмүрүн "Манас" айтуу өнөрүнө багыштаган С.Каралаев урумдан ашкан ошол санжырачылардын биздин күндөрдөгү уркунан эле" [1, 67]. Мындай "Манастын" асманында сейрек кездешүүчү жылдызды эл гана жаратат эмеспи. Автор поэмасында манасчынын образын символикалуу түрдө көлдүн керемет көрүнүштөрү менен салыштырган. Чындыгында Манас, Сагымбай, Саякбай, Алыкул, Чынгыз булардын баары Ысык-Көл менен тагдырлаш, бири-бирин толуктап, кыргыз рухунун деңизине куюп турат.Чыгармада сүрөттөлгөндөй Саякбай манасчынын балалык чагы, жигиттик курагы, кийинки аксакалдык доору "аалам кереги" болгон көл жээгинде өтүптүр. Өзү да эпосто Ысык-Көлдүн кереметин укмуштуудай талыбай айткан. Режиссер Б.Шамшиев тартан документалдуу тасмада С.Каралаев көл жээгинде күпүлдөп "Манас" айтып жатат, мындан алардагы улуулук менен тереңдик журуулушуп көрүнөт.

Айтор, Манас духтуу алп адамдын бүгүн көзү жок. Доор алмашты, мезгил өзгөрдү, көл бөксөрүп бараткандай элибиздин руханий көрөңгөсү да тартылып баратканы чындык. Ж.Садыков кайталангыс гений Саякбай керемет өнөрдү аркалаган улуттун уюткусу, дүйнөлүк маданиятка салым кошкон феномен катары түбөлүк жашайт деген эстетикалык-философиялык жалпылоолор, метафоралык туюнтмалар, орошон идеялар менен поэмасын жыйынтыктайт.

**Адабияттар:**

1. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат.Кыргызстан.1988.
2. Кыдырбаева Р.З. Мезгилдер, муундар жана манасчы. Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы: "Манас" жана манасчылар. II т ом. -Б:. Шам.2004.
3. Садыков Ж. Тандалмалар: Ырлар жана поэмалар.-Б:. Адабият.1992.
4. Сарыпбеков Р.Саякбай Каралаев. Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы: "Манас" жана манасчылар. II т ом. -Б:. Шам. 2004.
5. Салиев А. "Манас" жана Саякбай // Ала-Тоо.-1988. -№8.- Б.3-20.